Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин " Табигый жана так илимдер" усулдук бирикмесинин чогулушунун

№1 токтому

25.08.2021. Катышканы-7

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү

2.Усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылына карата жылдык иш планын талкулоо

1-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолуп кетти

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, былтыркы окуу жылында атайын түзүлгөн планынын негизинде иш алып барылды. Предметтик мугалимдер тарабынан иш-чаралар аткарылды. Бирикменин өткөнкү окуу жылында аткарылган иштери боюнча кимде кандай сунуш ой пикирлер бар?

Жарыш сөзгө математика мугалими Боркобаева Гулхан чыкты.

Угулду:

Өткөнкү окуу жылына карата бирикменин планында көрсөтүлгөн иш чараларды талапка жооп берээрлик түрдө аткарылды .Биздин бирикмеде математика сабагынан "Сапат"лицейи тарабынан уюшулган 5-6 класс окуучуларынын ортосунда өткөрүлгөн олимпиададан 6-класс окуучусу Акматов Тимур 2-орунга ээ болду.Бул да болсо биздин жетишкендик.Өткөн окуу жылында аткарылган иш чаралардык канааттандыраарлык деп ойлойм.

Усулдук бирикменин мүчөсүндөгү мугалимдер баары жогорудагы сунуштарды угуп талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

Усулдук бирикменин 2021-2022- окуу жылында аткарылган иштери канаттандыраарлык деп кабыл алынсын.

2-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Н окуу жылына карата түзүлгөн иш план менен тааныштырып кетти.

Угулду: Быйылкы окуу жылына карата бирикменин жылдык планы менен таанышып , карап чыгып өз ой пикирлериниздерди ,сунуштарынарды айткыла ошондой эле быйылкы окуу жылында шаардык деңгээлдеги ачык сабактар өтүлөт жакшы даярдык көрүү керек

Кийинки жарыш сөзгө информатика мугалими Мурзакулова А чыкты.

Угулду: Ар бир мугалим жаны методторду колдонуу менен сабак өтсө ,бири-бирибиз менен тажрыйба алмашып турабыз. Алган тажрыйбабызды сабактарда колдонуп, балдарга ар бир сабакты кызыктуу өткөнгө жардам болот.Айрыкча жаш мугалимдерге.

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп,талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

1. Ар бир предметтик мугалим интерактивдүү методторду колдонуу менен бирден ачык сабактарын даярдасын жана жумалыктар өтүлсүн .
2. Аткарылуучу иштерди көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн.

Бирикменин жетекчиси: Токурова Наринса.

Кызыл- Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин «Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинин чогулушунун

№2 токтому .

31.11.2021 Катышканы-5.

Кун тартибинде каралуучу маеле;

1. 1-чейрек ичинде аткарылган иш чаралардын жыйынтыгы.
2. 2-чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар менен таанышуу.

1-маселе боюнча бирикме жетекчиси сөз сүйлөдү;

Угулду;

Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер биздин

«Табийгый жана так илимдер» усулдук бирикмесинде 2021-2022- окуу жылына карата түзүлгөн иш планынын негизинде 1-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш чаралар аткарылды.

Август ,сентябрь айында «Табигый илимдер» усулдук бирикмесинин курамындагы предметтик мугалимдер такталып уюштуруу иштери жургузулду.

Төмөнкүдөй уюштуруу иштери жүргүзүлдү:

1 өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү

2 Мугалимдердин саат жүктөмүнүн бөлүнүшү

3 УБ нин 2021-2022-окуу жылына карата иш планы жана жылдык иш планын иштеп чыгуу, түзүлгөн окуу планын талдоо жана бекитүү.

4 Предметтик стандарттарга ылайык календардык тематикалык пландарды түзүү

5 Мугалимдерди методикалык колдоодо маалымат менен камсыздоо

Ар бир предметтик мугалим шаардык усулдук бирикме жетекчилери менен байланышып календардык пландарды тузушуп, мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилди.

Мугалимдердин саат жүктөмү төмөнкүдөй:

Боркобаева Гулхан математика 21саат

Орозбек кызы Нурийла информатика 7саат математика 18саат

Мурзакулова Айзирек физика 8 саат информатика 8саат

Туманов Куштар география 10 саат

Токурова Наринса биология 16саат география 6саат химия 4саат

Октябрь айында жөндөмдүү жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө иши жүргүзүлө башталды .Ар бир предметтик мугалимдер төмөнкүдөй иш алып барууда:

1 Ар бир предметтик мугалим шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучуларды тактап, тизмелешти
2 Атайын иш планын мугалимдер иштеп чыгып , мектеп администрация тарабынан бекитилди
3 Шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен сабакты өздөштүрүү денгээлине карай иш алып барылууда
4 Окуучулардын жетишүүсүнүн жыйынтыгын мониторинге түшүрүлүп жатат.

1-чейрек ичинде аткарылган иш –чаралар боюнча кимде кандай пикир сунуштар бар?

Жарыш сөзгө информатика мугалими Мурзакулова А чыкты;

Угулду: Чейрек ичинде планда көрсөтүлгөн иш-чараларды толугу менен аткарганга бардык мугалимдер аракет жасадык.Бирикменин ишин канаттандыраарлык деп эсептейм.Бардык катышуучулар жогоруда айтылган ой пикирлерди угуп ,талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алышты.

Чечим:

Усулдук бирикменин биринчи чейрек ичинде аткарган иш чараларын канаттандыраалык деп эсептелсин.

2-маселе боюнча бирикме жетекчиси Токурова Н токтолуп кетти;

Угулду ;

2-чейрек ичинде аткарылуучу иш –чаралардын планы төмөнкүдөй;

1.Ноябрь айында математика предмети боюнча айлампа дептерлердин абалын текшерүү

2.Мектеп ичинде предметтик олимпиада өткөрүү

3. Декабрь айында математикалык жумалыкты өткөрүү.

4.Математика сабагынан тажрыйба алмашуу максатында ачык сабактарды өтүү.

Өтүлүүчү иш чаралар боюнча кимде кандай сунуш бар. Жарыш сөзгө математика мугалими Боркобаева чыгып ,ал өз сөзүндө математикалык жумалыкты

«Математика бул –илимдин падышасы » темасында өтүлүүсу боюнча даяргерчилик көрүлүп жаткандыгына токтолуп кетти.

Кийинки жарыш сөзгө география мугалим Туманов чыкты. Ал олимпиаданы өткөрүү боюнча сунуштарын билдирип кетти.Жогоруда айтылган ой пикир,сунуштарды угуп талкулоо менен бирикме мучөлөрү төмөнкүдөй чечим кабыл алышты.

Чечим:

2-чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар өз убагында предметтик мугалимдер тарабынан аткарылсын.Аларды көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн.

Бирикме жетекчиси: Токурова Наринса

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жан так илимдер " усулдук бирикмесинин жыйынынын

№3 токтому

11.01.2022-ж Катышканы 5

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Экинчи чейрек ичинде аткарылган иштерге анализ берүү

2.Үчүнчү чейрек ичинде аткарылуучу иш-чараларды кароо

1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Н төмөнкүлөргө токтолуп кетти

Угулду:

Урматтуу мугалимдер 2-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

Бирикменин 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш планынын негизинде ноябрь айында математика сабагы боюнча 5-9 класс окуучуларынын айлампа дептерлеринин абалы каралды.Математика мугалимдери Боркобаева Гүлхан жана Орозбек кызы Нурийла.Окуучулар №1,№2 айлампа дептерлерин жана №3 текшерүү иш дептерлерин ачышкан.Текшерүү убагында окуучулардын айлампа дептерлеринин абалы орто, сырты толук сыртталган эмес. 6б жана 6в класс окуучуларынын текшерүү иш дептерлери толук эмес.Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча толуктaлбай калган дептерлер мугалим тарабынан эскертилип, жаңыдан айлампа дептерлери түзүлдү.

Ноябрь айында мектеп ичинде шыктуу окуучулардын арасында мектеп ичинде предметтик олимпиада өткөрүлдү. Жыйынтыгында жеңүүчү болгон төмөнкү окуучулар шаардык олимпиадага катышып,өз билимдерин сынап келишти.

| № | Аты-жөнү | предмети | Классы |
|---|---|---|---|
| 1 | Орозбаев Үмут | математика | 9-класс |
| 2 | Джумабаева Нуржан | математика | 9-класс |
| 3 | Мамараимов Залкар | информатика | 9-класс |
| 4 | Джанишбеков Исках | информатика | 9-класс |
| 5 | Тилебалдиева Салиха | география | 8-класс |
| 6 | Асамидинова Асель | география | 9-класс |
| 7 | Абдулазизова Адина | биология | 9-класс |
| 8 | Садиров Абдувахид | биология | 9-класс |
| 9 | Ташова Мээрим | химия | 9-класс |
| 10 | Махаматов Адилет | химия | 9-класс |
| 11 | Жеңишбек к Жасмина | физика | 9-класс |
| 12 | Машрапалиева Үмүтай | физика | 8-класс |

Декабрь айында математика предмети боюнча жумалык өткөрүлүүсү керек болуучу,бирок мугалимдин ден соолугуна байланыштуу жумалык өткөрүлбөй калды.

2-чейрек ичинде аткарылган иш чаралар боюнча кимде кандай ой пикир,сунуштар бар?

Жарыш сөзгө география мугалими Туманов Куштар чыкты

Угулду:

Негизинен пландагы иштерди аткарууга аракет жасалды ,олимпиадага балдарды колдон келишинче даярдадык. Биздин балдар 9-класс окуучулары болсо да өтө төмөн жыйынтык болгон жок.Кийинки окуу жылында күчтүү аракет жасайбыз.

Кийинки сөзгө информатика мугалими Мурзакулова А чыкты

Угулду:

Олимпиадага окуучуларды даярдоо окуу жылы ичи жүргүзүлүүсү зарыл.Атайын шыктуу балдарга олимпиадалык топ түзүү менен иш жүргүзүлсүн.

Жогоруда айтылган ой-пикир,сунуштарды угуп,талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.2-чейрек ичинде аткарылган иш-чаралар канаттандыраарлык деп эсептелсин.

2.Олимпиадага окуучуларды даярдоо күчөтүлүп, ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.

3.Өтүлбөй калган математика жумалыгы 3-чейрек ичинде өткөрүлсүн.

2-маселе боюнча бирикме башчысы Токурова Наринса 3-чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар боюнча тааныштырып өттү. Бирикме мүчөлөрү аткарылуучу иш-чаралардын планы менен таанышып, талкуулап карап чыгышып төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

Чейрек ичинде аткарылуучу иш-чаралар өз убагында аткарылсын.Иш-чаранын аткарылуусун көзөмөлдөө жагы бирикме башчысына жүктөлсүн.

Бирикменин жетекчиси: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жана так илимдер " усулдук бирикмесинин жыйынынын

№4 токтому

24.03.2022 Катышканы 5

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.3-чейрек ичинде аткарылган иш-чаралардын жыйынтыгы.

2.Бүтүрүү экзамендерине карата даярдык.

Биринчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Н сөз сүйлөдү.

Угулду:

Окуу жылына карата пландын негизинде январь айында биология предметинен 6,7,8,9-класс окуучуларынан срез иштери алынды.Текшерүүдө төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды.

| № | класс | окуучунун саны | катышканы | "5" % | "4" % | "3" % | "2" % | билим сапаты | өздөштүрүүсү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 9-класс | 26 | 23 | 1-4% | 7-30% | 15-66% | | 34% | 100% |
| 2 | 8-класс | 25 | 23 | | 9-39% | 14-61% | | 39% | 100% |
| 3 | 7а-класс | 20 | 18 | | 6-33% | 12-67% | | 33% | 100% |
| 4 | 7б-класс | 31 | 31 | 2-6% | 12-38% | 17-56% | | 44% | 100% |
| 5 | 6а-класс | 23 | 21 | | 8-38% | 13-62% | | 38% | 100% |
| 6 | 6б-класс | 24 | 23 | | 9-39% | 14-61% | | 39% | 100% |
| 7 | 7в-класс | 25 | 23 | | 9-39% | 14-61% | | 39% | 100% |

2022-жылдын 10-17февраль күнүндө "Илим жана техника" темасында физика, информатика жумалыгы төмөнкүдөй планда өткөрүлдү.

| № | Аткарылган иш чара | убактысы | классы | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 10.02.2022ж | 6-9 -класс | Мурзакулова А |
| 2 | "Жарыктын басымы.Жарыктын химиялык аракети" темасында ачык сабак. | 11.02.2022ж | 9-класс | Мурзакулова А |
| 3 | "Илим жана техника"темасында викторина оюну | 14.02.2022ж | 8-9-класс | Мурзакулова А |
| 4 | Кроссворд толтуруу | 15.02.2022ж | 6-9 -класс | Мурзакулова А |
| 5 | Жыйынтык | 16.02.2022ж | 6-9 | Мурзакулова А |

Жумалыкка окуучулар өтө кызыгуу менен катышышты.Викторинанын жана кроссворд оюнунун жеңүүчүлөрү мугалим тарабынан грамоталар менен сыйланышты.

6б-класс окуучуларына 2022-жылдын 17-февраль күнүндө математика мугалими Орозбек кызы Нурийла "Деление дробей" темасында ачык сабак өттү.Сабакка анализ берилди.

2022-жылдын 17-февраль күнүндө география мугалими Токурова Наринса 6б-класс окуучуларына "Изменение климата и воздействие человека на климат"темасында шаардык деңгээлде ачык сабак өттү.

2022-жылдын 25-февраль күнүндө биология мугалим Токурова Н 8-класс окуучуларына "Дем алуу.Дем алуу органдарынын түзүлүшү." Деген темада ачык сабак өттү

2022-жылдын 3-март күнүндө математика мугалими Боркобаева Гүлхан 6а-класс окуучуларына "Сандык даражалар"темасында ачык сабак өттү.

3-чейрек ичинде аткарылган иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча кимде кандай сунуштар бар?

Жарыш сөзгө математика мугалим Боркобаева Гүлхан чыкты:

Угулду: Чейрек ичинде өтүлүүчү ачык сабактар, жумалыктар баары өтүлдү. Чейрек ичинде өтүлгөн иш-чараларды канаттандыраарлык деп эсептесек болот.

Жогоруда айтылган ой-пикир,сунуштарды угуп, талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат:

Чечим

Бирикменин 3-чейрек ичинде аткарган иштеринин жыйынтыгын канааттандыраааарлык деп табылсын .

2-маселе боюнча окуу бөлүмүн башчысы Мурзакулова сөзгө чыгып, окуу жылынын аягында бүтүрүүчү класс окуучуларына өткөрүлүүчү экзамендерге алдын ала кандай даярдыктар көрүлүүсү жана аткарылуусу боюнча түшүнүк берип өттү.

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп, талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат:

Чечим:

1.Экзаменге предметтик мугалимдер экзамен материялдарын даярдашсын.

Экзамен даярдыгын көзөмөлдөө усулдук бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Бирикменин жетекчиси; Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жана так илимдер "усулдук бирикмесинин жыйынынын

№5 токтому

03.06.2022-ж Катышканы-6

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.4-чейрек ичинде аткарылган иштери

2.Жыл жыйынтыгы

Биринчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Н сөз сүйлөдү.

Угулду: Урматтуу мугалимдер «Табигый жана так илимдер » усулдук бирикмесинде 4-чейрек ичинде төмөнкүдөй иштер аткарылды.

2022-жылдын 11.04-15.04 кундөрүндө «Жашыл дүйнөгө саякат» темасында биология ,химия, география предметинен жумалык өткөрүлдү.

Жумалыктын максаты: окуучулардын билим сапатын жогорулатуу, табигый илимдерине кызыктыруу.Жумалык төмөнкүдөй планда өткөрүлдү.

| № | Аткарылган иш чара | Убактысы | Классы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 11.04.2022 | 6-7-8-9класс | Токурова.Н Туманов.К |
| 2 | «Жаратылышты коргойлу» темасында көргөзмө | 12.04.2022 | 6-7-8-9класс | Токурова.Н |
| 3 | «Акыл ордо»суроо-жооп оюну | 13.04.2022 | 8-9 класс | Туманов К |
| 4 | «Химия биздин турмушта» темасында логикалык суроолордон тузулгөн тесттик иш | 14.04.2022 | 8-9-класс | Токурова Н |
| 5 | Кроссворд толтуруу | 15.04.2022 | 6-7 класс | Токурова Н |

2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн пландын негизинде апрель айында космонавттар кунун белгилөө иш чарасы өткөрүлдү. Бул иш чара физика мугалими Мурзакулова Айзирек тарабынан төмөнкүдөй иш планда өткөрүлдү .

1 .«Космос» темасында маалымат берүү

2 «Косманавтика куну»темасында сурөт тартуу башталгыч класстардын окуучуларынын арасында өткөрүлдү .Иш чарага окуучулар кызыгуу менен катышышты

2022-жылдын 16-20-май күнүндө «Математика акыл ойдун гимнастикасы» темасында математикалык жумалык өткөрүлдү. Жумалык төмөнкүдөй иш планында өткөрүлдү.

| № | Аткрылуучу иштер | Мөөнөтү | КлассЫ | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Математика акыл ойдун гимнастикасы» темасында жумалыктын ачылышы | 16-май | 7-8-9класс | Боркобаева.Г Орозбек к Н |
| 2 | «Жаратылыш математикалык тилде жазылган» табышмактар,макалдар | 17-май | 5-6-7-8-9класс | Боркобаева Г Орозбек к Н |
| 3 | «Эн мыкты дептерлер»конкурсу | 18-май | 5-6 класс | Боркобаева Г |
| 4 | «Геометриялык фигуралар» темасында көргөзмө уюш турулду | 19-май | 5-6-7-8-9класс | Боркобаева Г |
| 5 | Жыйынтык | 20-май | 5-6-7-8-9класс | Боркобаева.Г Орозбек к Н |

Чейрек ичинде аткарылган иш-чаралар боюнча кимде кандай ой-пикир сунуштар бар?

Жарыш сөзгө математика мугалими Орозбек кызы Н чыгып бирикменин чейрек ичинде аткарган иштери канааттандыраарлык деп ойлойм деген сунушун билдирди

.Жыйын катышуучулары Орозбек кызынын сөзүнө кошулаарын билдирип төмөнкүдөй чечим кабыл алышат.

Чечим:

1. Бирикменин 4-чейрек ичинде аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча бирикме жетекчиси Токурова Н 2021-2022-окуу жылында аткарылган иш-чаралар боюнча жыл жыйынтык маалыматын берди.

Кийинки сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова А чыкты

Угулду: Жалпысынан карап көргондо быйылкы окуу жылында бардык предметтик мугалимдер аракеттенүү менен иштешти жана алдыда «Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинде 2021-2022-окуу жылынын 21-июнь күнү бүтүрүүчү 9-класс окуучуларына оз тандоолорунун негизинде география предметинен тандоо экзамени өткөрүлөт.Экзамендин билеттери геграфия мугалимдери Туманов Куштар жана Токурова Наринса тарабынан 3 суроодон турган 26 билет түзүлдү.

Экзаменде    экзаменатор Туманов К  жана  ассистент-Токурова Н

Жыйын катышуучулары жогоруда берилген маалымат,сунуштарды угуп талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

1.Бирикменин 2021-2022-окуу жылында аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын

2.Бүтүрүү экзамендери предметтик мугалимдер тарабынан өткөрүлүп,аларды көзөмөлдөө жагы бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Усулдук бирикменин жетекчиси: Токурова Наринса